**ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
Жайыл негизги мектеби
724405 Жайыл айылы
Центральная көч.27
ИНН02004200410094
Тел 7-01-95

**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
Основная школа Жайыл
724405,с.Жайыл,
ул.Центральная 27
ИНН 02004200410094
Тел 7-01-95

# Жайыл негизги мектебинин
# Педагогикалык кенешмесинин
# №2 протоколу

**4.11.2022** **Жайыл негизги мектеби**

Бардыгы-14

Катышты-14

**Күн тартибинде:**

1. **1-5-класстарынын жаны билим берүү шарттарына ылайыкташуусу.**
2. **Жаны окуу жылынын 1-чейрегиндеги окуу процесстеринин жыйынтыгын талдоо.Сабактарда жетишүүсү (3-8-класстырын класс жетекчилери).Мониторинг жүргүзүү.**
3. **Мектеп ичинде 5-8-класстар арасында предметтер боюнча өткөрүлүүчү олимпиадага даярдык.**
4. **2025-жылы өтүлүүчү PISA олимпиадасына даярдык.**
5. **Мектепти 2022-2023-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде аккредитациядан өткөрүү жөнүндө.**

1-маселе боюнча

**Угулду:** Мектептин директору Ф.Ж.Омуркулова:

Көз ачып жумгуча 1-чейректи да аяктап калдык. Окуучулардын бала бакчадан мектепке, башталгыч класстан орто мектепке өтүүсү педагогикалык жактан эң татаал проблемалардын бири, ал эми бул класстардагы адаптация мезгили мектептеги билим берүүнүн эң татаал мезгилинин бири болуп

саналат. Бул мектеп окуучулары үчүн гана эмес, мугалимдер үчүн да сынактын бир түрү. Класс жетекчиси кыска убакыттын ичинде балдарды, алардын үй-бүлөсүн

таанып, окуучулардын ишмердүүлүгүн эффективдүү башкарууну үйрөнүшү, аларга жол көрсөтүүчү, насаатчы болушу керек.

1-класстын мугалимдери балдарды мектепте өзүн алып жүрүүгө үйрөтүшү керек, аларды мектептин күнүмдүк тартибине көнүктүрүшү керек.

Башталгыч класстын мугалими окуучуларды орто мектепте билим алууга жакшы даярдагандыгын жана аларды бардык зарыл билимдер, ыктар, билим берүү жана жалпы билим берүү менен куралдандыргандыгын далилдеши зарыл. Ошондой эле 5-класстын окуучулары ансыз деле жаш өспүрүмдөр экенин эстен чыгарбоо керек жана аларды окутууга мамиле ушул курактык мезгилге ылайык түзүлүшү абзел. Ал эми ар бирибиздин милдетибиз — мектептин ар бир окуучусуна мамиле табуу.

Өткөөл мезгил бардык этаптарда билим берүү процессинин бардык катышуучуларына: окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге, мектеп администрациясына, таасирин тийгизет.

Биринчи класстагы окуучуларыбыздын адаптациясынын жыйынтыгына токтололу.

-Сөз 1-класстын мугалиминде... ..

(Натыйжалар кесиптештер менен талкуланууда.) Башталгыч мектепте белгилүү бир тартипке көнүп калган окуучулар жаңы темпке жана жашоо образына көнүү үчүн убакыт керек экнндигин айтты .

5-класстын класс жетекчисинин сүйлөгөн сөзү. (Бул маселени предметтик мугалимдер менен талкуулоо).

Сабакта активдүүлүктү жогорулатуу үчүн окутуунун ар кандай ыкмалары – оозеки жана жазуу түрүндөгү иштердин түрлөрү колдонулат. Окуучулар мугалимдин талаптарын түшүнүп, тапшырмаларын аткарышат. Сабактын жүрүшүндө мугалимдер окуучунун көңүлүн буруп, жалпы билим берүү жөндөмдөрүн жана жөндөмдөрүн тынымсыз калыптандырууда. Тартипти колдоо ыкмалары класста оң моралдык жана психологиялык климатты түзүүгө мүмкүндүк берет. Мугалимдердин сүйлөгөнү эмоционалдуу, үнү достук. Бирок, биз көрүп тургандай, уюштурууда жана тарбиялоодо кыйынчылыктар бар экендигин баса белгиледи.

Жарыш созгө: окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Акматова А.К

5-класста начар адаптациянын себептери:

1. Предметтик мугалимдер тарабынан ар кандай талаптар, алардын баарын эске алуу жана аткаруу зарылчылыгы.

2. Маалыматтын чоң агымы, тааныш эмес терминдер, сөздөр. Бешинчи класстын окуучусуна маалымдама китептерин, сөздүктөрдү колдонууга үйрөтүү, ошондой эле чоңдордогу түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин суроого үйрөтүү зарыл.

3. Биринчи мугалимдин жоктугунан улам жалгыздык сезими, класс жетекчиси баарына керектүү көңүл бура албай калат.

4. Бул курактагы бардык тажрыйбалар табигый нерсе жана окуучунун чоңоюшуна жардам берет, андыктан ата-энелер жана мугалимдер мектеп турмушунун жаңы мезгилинде балдарга көбүрөөк көңүл буруп, жакшы мамиле кылышы керек экендигин белгиледи.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,кенешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1.Окуучунун окуу процессин уюштурууга өзгөчө көңүл буруу

2.Предметтик мугалимдер 5-класста сабак өтүүдө физикалык мүнөттөрдү колдонуу менен өтүлсүн;

3.1-5-класстардын окуу көндүмдөрүн байкоо мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматовага жүктөлсүн.

| Класс | Окуучулардын саны | | кыздар | жетишет | отлич | удар | троечники | %знание | %посещ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 18 | | 8 | | | | | | 98% |
| 2 | 10 | | 5 | | | | | | 98% |
| 3 | 10 | | 3 | 10 | 2 | 4 | 4 | 60% | 99% |
| 3б | 7 | | 4 | 7 | 2 | 2 | 3 | 57,1% | 98% |
| 4 | 19 | | 7 | 19 | 2 | 12 | 5 | 73,6% | 100% |
| 1-4 | 57 | | 23 | 29 | 4 | 16 | 9 | 35% | |
| Кырг | 7 | | 4 | 7 | 2 | 2 | 3 | 57,1% | |
| Орус | 66 | | 28 | 36 | 6 | 18 | 12 | 36,3 | |
| 5 | 8 | | 5 | 8 | 1 | 3 | 4 | 50% | 98% |
| 6 | 18 | | 7 | 18 | 1 | 5 | 12 | 33,3% | 98% |
| 7 | 12 | | 7 | 12 | 1 | 5 | 6 | 50% | 97% |
| 8 | 15 | | 2 | 15 | 1 | 3 | 11 | 26,6 | 98% |
| 8б | 7 | | 3 | 7 | 1 | 1 | 5 | 28,5 | |
| 5-8 | 53 | | 21 | 53 | 4 | 16 | 33 | 37,7 | 100% |
| Кырг | 7 | | 3 | 7 | 1 | 1 | 5 | 28,5 | |
| Орус | 60 | | 24 | 60 | 5 | 17 | 38 | 36,6 | |
| Баардыгы | 110 | | 44 | 82 | 8 | 32 | 42 | 36,3 | 100 |
| Орус | 14 | | 7 | 14 | 3 | 3 | 8 | 42,8% | 100 |
| Кырг | 126 | | 51 | 96 | 11 | 35 | 50 | 36,5 | 100 |
| Оа | 8 | | 7 | | | | | | |
| Об | 7 | | 4 | | | | | | |

2-маселе боюнча мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматова окуучулардын жетишүүсүн төмөнкү тартипте билдирди.

Өзүнүздөр байкагандай башталгыч класстарында билим сапаты жакшы болуп,андан кийинки класстарда ,өзгөчө окутуу орус кластарында жүргүзулгөн класстарда билим сапаты төмдүгү билинип тураарын айтты.




Окуучуларды сабакка кызыктыруу ар бир мугалимге тийиштүү экенин белгилеп,предметтик мугалимдерди сабакты окутуунун жаны технологияларын колдонуп кызыктуу сабак өтүүнү суранды.

**Сөз жарышта**:мектептин математика мугалими Саламат кызы Нурай чыгып сүйлөдү. Окуучуларды сабакка кызыктыруудагы эн негизги көйгөй бул ата-энелердин балдарына үйдөн көзөмөл кылбаганы.Мектептен жакшынакай эле түшүнүшүп кетишип,кайра үйгө берилген тапшырманы аткарышпайт.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап,кенешме бир добуштан

Токтом кылат:

1. Билим сапатын жогорулатуу ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилсиню
2. Ар бир класс жетекчи ата-энелер менен иш алып барышсын.
3. Бул милдеттин аткарылышын көзөмөлдөө окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматовага милдеттендирилсин.

3-маселе

**Угулду:**мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматова сүйлоду. Предметтик олимпиадага катышуу педагогикалык жамааттын таланттуу окуучулар менен сабакта гана эмес, класстан тышкаркы иш-чараларда да иш алып барышынын натыйжасы.

- Олимпиаданын негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат
- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жана илимий (изилдөө) ишмердүүлүгүнө кызыгуусун аныктоо жана өнүктүрүү;
- таланттуу балдарды колдоо үчүн зарыл шарттарды түзүү;
- жалпы предметтер боюнча райондук олимпиада үчүн эң таланттуу окуучуларды тандоо.

Олимпиада мектеп окуучуларына биринчи кезекте жаңы билимдерди алууга, алардын жөндөмдүүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын аныктоого жана өнүктүрүүгө, ой жүгүртүүнүн жана иш-аракеттин өз алдынчалыгына ээ болууга, өзүн далилдеп, өз күчүнө ишенүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалим үчүн олимпиада мектеп окуучуларын өз предметине кызыктыруунун, аны жаңыча көз караштан көрсөтүүнүн жолу. Сынакка даярдануу билимди бекемдөөгө жана терендетүүгө, окуучуларды андан ары окууга түрткү берүүгө жардам берет.

**Сөз жарышка**:Мектептин биология мугалими Хожомуратова Б.С.сүйлөдү;

Мектеп ичиндеги олимпиадага плыны түзүлгөнүн айтып,бирок план түзүүдө кичине көйгөйлөр болгондугун айтты.Мисалы кээ бир класстарда окуунун мыктысы болуп 2-3 эле окуучу окуйт.Алар бир предметке кызыгышат.Ошентип 2-3-эле предмет тандалып калгандарыбыз калып жатабыз.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап кенешме**

**токтом кылат:**

1.Ар кандай деңгээлдеги олимпиадаларга даярданууга багытталган таланттуу балдар менен класстан тышкаркы иш-чараларды үзгүлтүксүз уюштурулсун.

2.Бул милдетти көзөмөлдөө мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматовага милдеттендирилсин.

**4-маселе.**

**Угулду;**Мектептин директору Омуркулова Ф.Ж PISA боюнча маалымат берди.

PISA деген эмне?

PISA-окуучулардын билим

жетишкендиктерин баалоонун эл

аралык программасы.

Кыргызстан 2025-жылы өтө турган

окуучулардын билим

жетишкендиктерин баалоонун

эл аралык программасына катышат.

PISA изилдөөсү мониторинг жүргүзүүчү болуп

эсептелет.Ал ар бир мамлекеттин билим

берүү системасындагы өзгөрүүлөрдү аныктап,

билим берүү жетишкендиктерин же

кемчиликтерин салыштырып,тиешелүү тыянак

чыгарууга мүмкүндүк берет. PISA кимди баалайт?

Тестке дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн 15 жаштагы окуучулар катышат. Көпчүлүк өлкөлөрдө билим берүү системасы жалпы багытка ээ,ошондуктан ушул жашка келип,мектептеги милдеттүү билим алуу аяктайт.

PISA кимди баалайт?

PISA окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, мектепте алган билимин практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана балдардын коомдо өз алдынча жашоого даярдыгын баалайт. Б.а. жалпы орто билим алган окуучу коомго толук кандуу аралашып кетүүсүнө, же болбосо,өз ордун табуусуна керектүү болгон көндүмдү жана билими бар же жок экенин баалоону максат кылат.

PISA дагы баалоо кандай жүргүзүлөт?

Окуучулардын билим жетишкендигин изилдөө негизги 3 багытта жүргүзүлөт:

1. Окуу сабаттуулугу;
2. Математикалык сабаттуулук;
3. Табигый илимдер боюнча сабаттуулук;

PISA нын акыркы циклдарында кошумча инновациялык багыттар иштелип чыккан.

Математикалык сабаттуулук –бул ар түрдүү контексттерде математиканы формилировкалоо, интерпретациялоо жөндөмү. Ал өзүнө математикалык талдоо жана кубулуштарды сүрөттөө,түшүндүрүү жана прогноздоо үчүн математикалык түшүнүктөр ,фактылар боюнча ой жүгүртүү.

Табигый –илимий сабаттуулук- илимий методдордун жардамы менен изилденип,такталып,байкоолорго жана

экспериментерге негизделген тыянактарга алып келүүчү

реалдуу кырдаалдардагы көйгөйлөрдү табигый-илимий

билимдерди колдонуу менен аныктоого жөндөмдүүлүк.

Окуу сабаттуулук- жазуу түрүндө берилген тексттерди

түшүнө билүүсү жана ой жүгүртүүсү, өз максаттарына

жетүү үчүн аларды пайдалана билүүсү.Көз караштарга,

мамилелерине көнүл бурулат.

Ар бир мугалим PISAга даярданып,иш план түзүп чыгуусун айтты.5-6-класстарда иштеген предметтик мугалимдер логикалык тапшырмалары бар тесттерди түзүүнү өтүндү.

**Сөз жарышка:** мектептин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К.Акматова сүйлөдү.Ар дайым сабактын иштелмесин жазганда 2 логикалык суроо камтылышын сунуштады.Ал 18-ноябрда 6-класстардан тест алыш керектигин айтты.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап кенешме**

**токтом кылат:**

1. PISAга даярдануу боюнча иш пландар түзүлүп бекитилсин.
2. Сабактардын иштелмесинде 2 логикалык суроо камтылсын.
3. 5-6-класстардан үзгүлтүксүз тесттик иштер алынсын.
4. PISAга даярдануу милдетин окуу тарбия иштеринин башчысы А.К.Акматовага жүктөлсүн.

Педагогикалык кенешменин төрайымы: Ф.Ж.Омуркулова

Педагогикалык кенешменин катчысы: А.К.Акматова